**УДК 338.48**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-273-280**

**Жантемирова К.К.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
ms.kalicha13@mail.ru
**Асизова А.К.**
окутуучу
Кыргызстан эл аралык университети
Эл аралык медицина мектеби
Бишкек ш.
adinaika_2019@mail.ru

## АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ТУРИЗМДИН РОЛУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ТААСИРИ (АТ-БАШЫ РАЙОНУ МИСАЛЫНДА)

**Аннотация.** Туризмди өнүктүрүүдөгү жогорку дарамет жаратылыш шарттары, географиялык абалынын өзгөчөлүгү, тарыхый мурастар, туризмдин материалдык-техникалык базасынын өнүгүү деңгээли, туристтерди өзүнө тартуу касиети сыяктуу ресурстардын өзгөчөлүгү, түрдүүлүгү жана көлөмү менен мүнөздөлөт. Туризм келечекте Ат-Башы районунун экономикасынын бирден бир кирешелүү тармагына айлануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Райондо агро, этно, жайлоо туризм же боз үй шаарчаларын уюштуруу жана туристтердин суроо талабын толугу менен канааттандыруу мезгил талабы. Макалада туризм тармагынын туруктуу өнүгүүсү аймак үчүн эң актуалдуу жана жумушсуздук сыяктуу курч социалдык-экономикалык маселелерди чечүү деп эсептелинет.

**Негизги сөздөр:** Ат-Башы району, туруктуу туризм, агротуризм, этно туризм, жайлоо туризм, кымыз менен дарылоо, аймак.

**Жантемирова К.К.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
ms.kalicha13@mail.ru
**Асизова А.К.**
преподаватель
Международный университет Кыргызстана
Международная школа медицины
г. Бишкек
adinaika_2019@mail.ru

## РОЛЬ И СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОЕ ВЛИЯНИЕ ТУРИЗМА В РАЗВИТИИ РЕГИОНА (НА ПРИМЕРЕ АТ-БАШИНСКОГО РАЙОНА)

**Аннотация.** Высокий потенциал развития туризма характеризуется уникальностью, разнообразием и объемом ресурсов, таких как природные условия, особенности

географического положения, историческое наследие, уровень развития материально-технической базы туризма, свойства привлечения туристов. Туризм имеет потенциал стать единственной прибыльной отраслью экономики Ат-Башинского района в будущем. Организация агро, этно, жайлоо туризма и юрточных городков в районе и полное удовлетворение спроса туристов – веление времени. В статье устойчивое развитие туристической отрасли рассматривается как наиболее актуальное для региона и решение острых социально-экономических проблем, таких как безработица.

**Ключевые слова.** Ат-Башинский район, устойчивый туризм, агротуризм, этно туризм, жайлоо туризм, кымызолечение, регион.

**Zhantemirova K.K.**
senior teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Asizova A.K.**
teacher
International University of Kyrgyzstan
International School of Medicine
Bishkek c.

## THE ROLE AND SOCIO-ECONOMIC IMPACT OF TOURISM IN THE DEVELOPMENT OF THE REGION (USING THE EXAMPLE OF THE AT-BASHI REGION)

**Annotation.**The high potential for tourism development is characterized by the uniqueness, diversity and volume of resources, such as natural conditions, features of the geographical location, historical heritage, the level of development of the material and technical base of tourism, and the properties of attracting tourists. Tourism has the potential to become the only profitable sector of the economy of the At-Bashi region in the future. Organizing agro, ethno, jailoo tourism and yurt camps in the area and fully satisfying the demand of tourists is the call of the times.
The article considers the sustainable development of the tourism industry as the most relevant for the region and the solution to acute socio-economic problems such as unemployment.

**Keywords.** At-Bashi district, sustainable tourism, agrotourism, ethno tourism, jailoo tourism, kymyzoletherapy, region.

**Туризм**– Кыргыз Республиканын экономикалык, социалдык жактан бат өнүгүшүнө салым кошо турган тармактардын бири. Ушундан улам азыр туризм тармактарынын ар кайсы илимдер тарабынан ар тараптан, комплекстүү иликтенүүсү да кыйла кеңейип жатат.

Мында ар бир илимдин өз алдынча милдети, тиешелүү көздегөн түпкү максаты бар;

-  экономисттер туризмди экономиканын бир тармагы катары талдап, анын чарбалык эсеп-кысабынын иштиктүү механизмин иштеп чыгууну, кирешени мол алуунун түрдүү жолдорун табууну көздөшөт;
-  архитектура адистери курорттордун, эс алуу комплекстеринин, туристтик жана альпинисттик жайлардын, саякаттын ар кыл багыттарынын жергиликтүү жаратылыш, экономикалык шарттарына ыңгайлуу келгидей түрдүү долбоорлорун даярдоону көздөйт;
-  медицина жаатындагы кызматкерлер туризмдин адамдын ден соолугуна тийгизген салымын изилдейт;

 ал эми, географтар туризм индустриясын аймактар боюнча уюштурууну, башкарууну,калыптандырууну жана комплекстүү өнүгүүсүн иликтейт. Анын үстүнө, туризм географиясын комплекстүү иликтөө туризмге тиешелүү табигый, техникалык, экономикалык, социалдык жана экологиялык маселелердин көбүн камтыйт.[1]

Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн негизги максаты болуп аймактарды өнүктүрүү жана жумушсуздук сыяктуу курч социалдык-экономикалык маселелер, эл аралык туризм рыногунда да жогорку сапаттагы, атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны сатуу ,туризм индустриясын өнүктүрүү, экономиканын жогорку кирешелүү секторуна айландыруу. Ошол эле учурда, калктын эс алуусуна шарт түзүү да учурдун көйгөйү. [6]

***Туризмдин туруктуу өнүгүүсү деген эмне?*** Бул экологияга зыян келтирбей, маданиятка, экономикага салым кошкон туризм.

Туризм тармагы өлкөнүн экономикасына чоң салым кошуп, анын дүң кошумча наркы 2022-жылы 35,4 млрд сомду түздү. Бул ИДПнын 3,9% түзөт жана ушул жылы Кыргызстанга 7 миллион 912 миң турист келген.Чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуудан түшкөн киреше өткөн жылга салыштырмалуу 4,9 эсеге көбөйүп, 696,4 млн долларды түзгөн.

2022-жылы эс алуучулардын саны 2 миллионго жакын адамды түздү, бул 2021-жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге көп, анын 1 миллиондон ашыгы уюшкан туризм секторунда (1,7 эсе көп). [2]

Нарын областы боюнча туристтердин келүүлөрүнүн жалпы саны 2022 жылы 34466 ны түзсө, 2023 жылы 102521 түзгөн. Бул туристтердин 2022 жылга салыштырмалуу үч эсе көп келгендигин түшүндүрөт.

**2022-2023 ж. Ат-Башы районуна келген туристердин саны**[3]

| ***2022 жыл*** | | | ***2023 жыл*** | |
|---|---|---|---|---|
| *Келген туристтердин саны* | | *Киреше (млн.сом)* | *Келген туристтердин саны* | *Киреше (млн.сом)* |
| *Ички туристтер* | *7455* | *1392,0* | *12174* | *3878,3* |
| *Сырткы туристтер* | *1423* | | *3107* | |
| *Бардыгы:* | *8878* | | *15284* | |

Өкмөттүн туризмди 2023-жылга чейин өнүктүрүү программасына ылайык, туризм экономиканы өнүктүрүүдө эң башкы тармак болуп саналат.

Туризм өнүккөн өлкөлөрдө анын эл чарбасындагы экономикалык мааниси чоң жана өзүнүн өнүгүшү менен көп сандаган иш ордун камсыз кылып, көп кирешее табууга, өзүн тез актоого жөндөмдүү. Ошондой эле эмгекчилердин турмуш деңгээлин көтөрүүгө шарт түзөт.[4]

Туризм келечекте районубуздун экономикасынын бирден бир кирешелүү тармагына айлануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Туризмдин өнүгүүсүн уюштуруу негизинен ошол аймактагы бардык туристтик ресурстарды комплекстүү жана максималдуу колдоно ала турган туризмдин формасын жана түрүн тандап алуу керек.

Туризмди өнүктүрүүдөгү жогорку дарамет жаратылыш шарттары, географиялык абалынын өзгөчөлүгү, тарыхый мурастар, туризмдин материалдык-техникалык базасынын өнүгүү деңгээли, туристтерди өзүнө тартуу касиети сыяктуу ресурстардын өзгөчөлүгү, түрдүүлүгү жана көлөмү менен мүнөздөлөт.

Аймакты туристтик максатта өздөштүрүүдө жана аны пайдаланууда табигый ресурстар чечүүчү фактор болуп саналат. Мындай абалды дүйнөлүк туризмдин өнүгүүсүнүн жана жайгашуусунун учурдагы абалы өзү эле далилдеп отурат.

Дүйнөлүк туристтик борборлор табигый-географиялык шарттары ыңгайлуу жана рекреациялык ресурстар кездешкен жерлерде орун алган. Туризм тармагынын өсүп-өнүгүшү үчүн туристтик ресурстардын саны жана сапаты чечүүчү ролду ойнойт.

Ошондуктан Ат-Башы району дүйнөлүк коомчулук тааныган рейтингдерде өзүнүн көрсөткүчтөрүн жакшыртууга умтулушу керек.

Ат-Башы аймагында да туризмдин бир нече түрлөрүн атап айтканда :

- агротуризди;
- этнографиялык туризмди;
- жайлоо туризм же боз үй шаарчалары;

***Агротуризм*** – бул айыл аймактарында жайгашкан бузулбаган экосистемалары жана айыл элинин көйгөйлөрүн чечүүгө түздөн-түз салым кошкон, ошондой эле туруктуу өнүгүүнүн негизинде адекваттуу башкаруу режимдүү этномаданий комплекстерине максаттуу багыттуу саякаттар.

Азыркы учурда өкмөттүн Нарындагы өкүлчүлүгү Түркиянын Анкара жана Кастамону шаарларынын бийлик өкүлдөрү, ишкерлери менен экономикалык-социалдык багытта кызматташуу тууралуу сүйлөшүүлөр жүрүүдө. Түркия тарап көмүрдү брикеттөө, этти кайра иштетүү комбинаттарын, кымызды экспорттоо жана жүндү кайра иштетүү ишканаларын ачууга кызыкчылыгы бар экенин билдиришүүдө. Ошондуктан райондун экономикалык өнүгүүсү үчүн, айыл чарбага көңүл буруп, малдын санын көбөйтүп, андан алынган чийки продукцияны кайра иштетүү өнөр жайындагы ишканаларды инвесторлордун жардамы менен ишке киргизүүнү мезгил талап кылат.

***Этнографиялык туризм.*** Этнографиялык байкоолор жана сүрөттөөлөр дүйнөнүн кайсы өлкөсүндө болбосун, туристтер үчүн эң кеңири таралган жана жагымдуу иш болуп саналат.Этнографиялык турлар жана экспедициялар өлкөнү, элдин маданиятын, улуттук каада-салттарын жана өзгөчөлүктөрүн таанууну эң жакшы жолу.Ат-Башы аймагынын калкы мал чарбачылыгынан өндүрүлгөн сырьелордон жасалган продукцияларын сатуу менен алектенүүдө. Аймакта жыл сайын өткөрүлүүчү «Кыргыз шырдагы» фестивалы туризмди өнүктүрүү, туристтерди тартуунун бирден бир багыты болгондуктан, «Кыргыз Шырдагы», «Манас жана маданият», «Нукура» фестивалдары жогорку деңгээлде уюштурулууда.

2021-жылы Эл аралык «Кыргыз шырдагы -VIII» фестивалы жана VI Эл аралык инвестициялык форуму менен бирдикте өткөн «Кыргыз шырдагы-IX» фестивалына бардык облустардан 200дон ашуун кол өнөрчүлөр катышкан.

***Шырдак***- оюулар түшүрүлгөн кийизден жасалган, жерге салынуучу кыргыздын улуттук үй буюму. Кыргыз уздарынын чеберчилигинен жаралган шырдак, ала кийиздер АКШ, Кытай, Казакстан, Германия, Польша жана Жаңы Зеландиядан, ошондой эле, Кыргызстандын аймактарынан келген туристтердин кызыгуусун арттырды. Дүйнөлүк көчмөндөр оюнун өткөрүү да туризмди өнүктүрүүгө, конокторду тартууга жана өлкөнүн дүйнөлүк туристтик рыноктогу таанымалдыгын арттырууга өбөлгө түздү. Нарын облусунда да Дүйнөлүк көчмөндөр оюнун өткөрүү демилгелери көтөрүлгөн. Жогоруда аталган фестивалдарды жыл сайын системалуу түрдө өткөрүү менен келген туристтердин саны да, туристтерден түшкөн киреше да өскөн.

***Жайлоо туризми же боз үй шаарчалары.*** Акыркы жылдары Ат-Башы районунда жайлоо туризми өнүгүп келе жатат. Бирок, жайлоолордо туристтерди кабыл алып жатышкан фирмаларда иштегендер үчүн көйгөйлүү маселелердин бири ички жолдор.

Мисалы, ички жана сырттан келген туристтерди Босого жайлоосуна алып барууда жолдордун начардыгы түйшүктөрдү жаратып келет. Босого жайлоосу Ат-Башы районунун борборунан 70 км чакырым алыстыкта жайгашкан. Бул жайлоо менен чабандар алыскы Жаңы-Жер, Эки-Бала, Беш-Белчир, Аксай ж.б. жайлоолорго өтө алышат. Кыргызда «босого» деген сөз кире бериш дегенди түшүндүрөт. Босого жайлоосу Ат-Башы кырка тоолорунун аякташы, чоң жайлоолордун башталышы болуп кетет. Абдан кооз жайлоо. Бул жайлоого эс алуучулар жана туристтер көп келишет.

Ат-Башы району мал-чарба жаатындагы аймак болгондуктан райондун эли совет доорунда эле тоо-ташка көчүп конууда кыргыздын улуттук боз үйүн колдонуп келишкен. Боз үй туристтик комплексин түзүү – бул негизинен тоолорго жана бул жерде жашаган элдин маданиятына кызыккан туристтердин муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жай мезгилинде тоо этектеринде жана тоо зоналарында жайлоодо чакан боз үй шаарчасын түзүү.

Кыргыз үйү – боз үйдүн чоң артыкчылыгы болгон: боз үй кайда барбасын дайыма жеткиликтүү болгон. Боз үй «журт» деген сөз жалпы түрк тилинде «ата-баба жери» дегенди билдирет. Кыргыз тилинде «Ата-Журт» – «ата жер» же «ата-журт» деген түшүнүк көбүнчө үйдү белгилөө үчүн колдонулган. Башкача айтканда, боз үй болгон жерде ата-журт бар – менин үйүм, ата журтум ар дайым жанымда. Боз үйдү жасаш, жабдыш үчүн жыгачтар, жүндөр жана кийиздер кенири пайдаланылган. Кийиздер кычыраган кышкы суукtan, саратан жайкы ысыктан сактаган. Жүндөн оймолуу туш кийиз сайылган, килемдер согулган, шырдактар шырылган жана чий согууда түркүн түскө боелгон жүн менен чырмалган. Боз үйдүн жазалышын, башкача айтканда эч бир жерине бир дагы мык, же болбосо эч кандай темир затынын кошулмасы жок экендигин жана кыргыз боз үйүнүн тез тигилишин, ички жана тышкы жасалгаларынын жасалуу ыкмаларын таныштыруу максатындагы долбоорлор жыл сайын өткөрүлүп турса, чет элдик туристтерди тартууда, аймактын экономикасын өнүктүрүүгө салымын гана кошпостон, өлкөнү алыстарга таанытууга мүмкүнчүлүк түзүп берет. Мындай ар түрдүү кызматтар туристтерди кызыктырат жана «боз үй туризми» учурда заманбап кеңейтүүнү талап кылат.

Райондо санаториялык ден-соолукту чыңдоочу туризмди өнүктүрүүгө албетте бээнин сүтү менен ден-солукту чыңдоого толук мүмкүнчүлүк түзүүгө болот. Кымыз менен дарылоо үркөр жылдызы чыкканга(май менен июнь айынын ортосу) чейин Таш-Рабат кербен сарайында жана Ичке жайлоосунда дары чөптөрдү жылкы жеп, анын сүтүн ичкен адамдын ден соолугу чыңалат.

Ат-Башы районундагы тарыхый жайлардын катарына Таш-Рабат кербен сарайын, Кошой –Коргон шаар чалдыбарын да кошууга болот. Бул тарыхый жайлар чет элдик туристтерди көңүл кош калтырбайт.Таш-Рабат кербен сарайында Ат-Башы районунун, азыркыча аталышы Кошой айылынын тургундары туристтик сезондун кыска болгондугуна карабастан келген ички жана тышкы туристтерге ыңгайлуу шарттады түзүү менен бирге ар түрдүү кызматтарды көрсөтүп келишет.

Ат-Башы районундагы бирден бир шаар тибиндеги чалдыбар Кошой –Коргонго ички туристтер жана райондун тегерегиндеги жайгашкан мектеп оуучуларынын көбүрөөк келиши салтка айланган. Азыркы учурда Кошой –Коргон музейине келген чет элдик туристтерге

кызмат көрсөтүүдө коргондун тарыхы тууралуу айтып бере ала турган атайын жана чет тилдерде эркин сүйлөй ала турган адистердин болушу заман талабы.

«Таш-Рабат», «Кошой-Коргон» жайларына баруучу жолдорго жол белгилерин орнотуу, баннерлерди илдирүү, багыт берүүчүү жана тыюу салуучу такталарын жасатууга буйуртмалар берилип, ПРООН тарабынан үстүбүздөгү жылы Нарын-Ат-Башы жолунда Чар участогуна, Нарын- Торугарт жолунда «Кошой-Коргон шаар чалдыбарына», «Таш-Рабат» кербен сарайына, эки айрылышта жана Ак-Муз айылына кире бериште Көл-Тетири» көлүнө, Баш-Кайыңды айылында «Шар» шаркыратмасына баруучу жолго багыт берүүчүү белгилер англис жана кыргыз тилдеринде жазылып коюлган.

Кыргызстанда туристтер үчүн виза алуу жана бажы текшерүүлөрү кыйынчылык жаратат. Туристтер бажы жана чек ара кызматтарынын документтерди чектен ашыкча текшерүүсүнө нааразы. Андан сырткары, айрым өлкөлөрдүн жарандарына виза алуу машакаты жеңил болгону менен, бул процесс айрым учурларда пара берүүгө мажбурлоо жана алдоо менен байланышкан. Буга чейин Кыргызстанга виза талап кылбаган 16 өлкөнүн жарандарынын тизмесине 44 өлкөнүн тизмеси кошумчаланган: Беларусь, Казакстан, Россия Федерациясы, Тажикстан, Вьетнам, Түндүк Корея, Куба, Малайзия, Түркия, Украина, Өзбекстан, Монголия, Азербайжан, Армения, Грузия, Молдова, КЭДРсы, Япония.

Дүйнөдө туризмди жайылтуу боюнча алдыда турган АКШ, Германия, Франция, Улуу Британия, Япония, Австралия сыяктуу өлкөлөрдүн жарандары Кыргызстанга келүү үчүн виза алуусу татаалданбашы керек эле. Алар визаны "Манас" аэропортуна келгенден кийин 30 $-70 $га сатып алууга шарттары бар, Бирок каттоо процедурасынын өзү эле 2 сааттан ашык убакытты алат.[5]

*Кыргыз Республикасына визаларды берүү үчүн «Манас» аэропортунда Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Визалык кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү консулдук кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин прейскуранты:*

| Консулдук кызматтардын аталышы | Консулдук кызматтарды көрсөтүүдө чогултулган каражаттардын ставкасы (сом) | Консулдук кызматтарды көрсөтүүдө чогултулган каражаттардын ставкасы ($ АКШ) |
|---|---|---|
| 1) бир жолку визаны берүү:<br>- 1 айга чейин | 3589 | 50 |
| 2)бир жолку виза мөөнөтүн көбөйтүү:<br>- 30 күн сайын (1 айга чейин) | 704 | 10 |
| 3) бир студенттик виза мөөнөтүн көбөйтүү:<br>- 30 күн сайын (1 айга чейин) | 352 | 5 |
| 4) көп жолку виза берүү:<br>- 1 айга чейин | 4315 | 60 |
| 5) көп жолку виза мөөнөтүн узартуу:<br>- 30 күн сайын (1 айга чейин) | 1078 | 15 |
| 6) транзиттик визаны 5 күнгө | 1783 | 25 |

| | | |
|---|---|---|
| берүү | | |

«Аймактарды комплекстүү өнүктүрүү» программасынын алкагында туризм секторунун атаандаштыгын жогорулатуу, азыркы учурда кошумча нарк чынжырчасынын алкагында иштеп жатышкан туризм тармагында кызмат көрсөтүүчүлөрдүн жаңы кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн турпакеттерди иштеп чыгуусун колдоо да заман талабы болууда.[7]

Программа элет калкынын киреше мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртууга багытталып, экономика жана социалдык өнүгүүнү максаттаган жергиликтүү демилгелерге түрткү берип, жергиликтүү жарандык коом, өндүрүүчүлөр жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын ортосундагы жигердүү кызматташууну күчөтүү аркылуу айыл чарба жана туризм секторлорунун мүкүнчүлүктөрүн бекемдейт.

Туризм аймактын экономикасын өнүктүрүүнүн маанилуу фактору болуп саналат ( жумушчу орундары менен камсыз кылуу, аймактын инфраструктурасын өнүктүрүү). Андыктан жергиликтүү бийлик органдары бюджеттик каражат жана инвестиция тартуу, аймактын имиджин көтөрүү жана аны өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл бурушу керек.

**Адабияттар:**

1. Атышев К.А. Туризмдин географиясы-2001ж.

2.Национальный статистического сборник «Туризм в Кыргызской Республике» дата публикации: 09.08.2023г.

3.Нарын областынын статисика башкармалыгы-2023 жыл.

4.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга туризм чөйрөсүн өнүктүрүү программасы

5. «Манас» аэропортунда Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Визалык кызматы

6. Жантемирова К.К. «Перспективы и развития горного туризма в Ат-Башинском районе» Вестник КГУ им.И.Арабаева – 2011 №1 – С.103.

7. Кыргыз республикасынын «Аймактарды комплекстүү өнүктүрүү» программасы-2019 ж.

**Рецензент: география илимдеринин кандидаты, доцент Солпуева Д.Т.**